
Бекитилди: ____ Эркинбек кызы А.

«_06_» _09_ 2022-ж

# Осмон Элебесов атындагы жалпы орто билим билим берүү мектеби

## Тема: Электр техникалык коопсуздук эрежелери

1-класс




Класс жетекчиси: Тудакунова К.К

**Сабактын темасы**: Электр –техникалык коопсуздук эрежелери.

**Сабактын максаты**: 1- окуучулар электр тогунан сактануу эрежелери тууралуу кеңири,толук маалымат алышат;

2- электр техникасынын эрежелерин түшүнүп,өз ойлорун айта алышат;

3- окуучулар алган маалыматтын турмушта колдоно билүүгө,электр техникасынын коопсуздук эрежелерин сактоого тарбияланышат;

Сабактын жабдылышы: темага карата сүрөттөр;

Сабактын тиби:жаңы билимдерди өздөштүрүү,аңгемелешүү.

Сабактын формасы: жалпы класс менен топтоо иштөө.

**Сабактын этаптары:**

1. **Уюштуруу иштери**( саламдашуу,окуучуларды жоктоо,жагымдуу маанай түзүү, «Алтын эреже »).

2. **Уй тапшырманы суроо**: (Кандай электр приборлорду билесиңер?)
3. **Жаңы тема:**

-Балдар көп жылдар мурун чоң аталарыбыз,апаларыбыз үйлорүн эмне менен жарыктандыруучу эле? Билесиңерби?

- Мурда телевизор, телефон,,нан бышырган духовкалар бар беле?
- Электр тогу деген эмне?Билесинерби?

Анда кичине түшүнүп алалы.

Окумуштуулар көп жылдар мурун электр тогун ойлоп табышкан.Электр тогу көзгө көрүнбөгөн терс зарядка ээ болгон кичинекей бөлүкчө болуп саналат экен.Ал бөлүкчөнүн аты «Электрон»

деп аталат .Бул бөлүкчөлөр металлдан жасалган зымдардын ичинде болуп, зымдардын оң бөлүкчөсү менен биригип бир зымдан,экинчи зымга өтүп турушат. Жыйналган электр тогу «Трансформатор» деген булактарга топтолот,бул жерде электр тогунун көп күчү жыйналган болот,ал жерден көчө-көчөлөргө столбалар менен туташкан зымдарга бөлүштүрүлөт. Балдар жайында күн күркүрөп жаан жааган учурда чагылган чагылат эмеспи ,ошондо да электр тогу пайда болот .Электр тогунун даамын адамга сезилбейт.Ошондуктан биз үйдөн электр приборлорун урунууда этияттык менен колдонушубуз керек.Силер балдар өз алдынарча розеткага сайбашыңар керек.

«Кластер» түзүү.(3-*топко таратылып берилген сүрөттөрдүн арасынан электр тогу менен иштеген буюмдарды тандап ,доскага барып чапташат).*

Мугалим «кластерди» жыйынтыктайт: Демек балдар ушул үй буюмдары электр тогу менен иштерин билебиз.

Эми балдар үйдө ,көчөдө жүргөндө электр тогунан сак болушубуз керек экен. (Электр тогунан сактануучу белгилер менен тааныштырып,түшүндүрүп берем).

Эс алуу мүнөтү

**Кыл мурутуу кумурска**

**Кыйын экен жумушка**

**Топчуну алып колума**

**Тосуп койдум жолуна**

Бышыктоо : Электр тогунун коопсуздук –техникалык эрежелеринин «пазл» сүрөттөрүн чогултуп комментарий беришет.

Үй тапшырмасын берүү. **Электр-коопсуздук техникасынын боюнча каалаган сүрөөттөрүн тартып келүү.**


# Коопсуздук техникасын сактоо эрежелери

1. Ток туташтыруу жана өчүрүүчү булактар ишке даяр болушу керек.
2. Техника каражаттары ишке жарактуу болушу керек.




3. Ток булагына иш башталарда гана туташтыруу зарыл.
4. Техника каражаттары менен тааныш гана адамдар иштей алышат.
5. Ток булагына туташтыруучу жерлер бузулган болсо, анда өз алдынча иш жүргүзүүгө болбойт.
6. Техникалык каражаттар тарбиячынын жетекчилиги астында колдонууга тийиш.
7. Балдар жанына ар кандай учтуу буюмдарды алып жүрүүгө тыюу салынат.
8. Тайпалардагы бардык буюмдарга аяр мамиле кылуу зарыл.















**Тарбия завуч______Эркинбек кызы Айгерим**

**«_18_»_январь________2022-жыл**

**О. Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби**

# Жолдо жүрүүнүн эрежеси

## 5-класс

**Тема:** Жолдогу бардык техникаларды байкап өтүү, сак болуу

Мугалим:Абдыкадырова А.Ш.

2021-2022-окуу жылы

**Сабактын темасы:** *Жолдогу бардык техникаларды байкап өтүү,сак болуу.*

**Сабактын максаты:** *а) Жолдогу бардык техникаларды байкап өтүүгө,сак болууга үйрөнө алышат.*

*б) Жолдогу бардык техникаларды байкап өтүү,сак болуу менен өз коопсуздугун сактоонун жоопкерчилигин сезе билишет.*

*в) Жолдогу бардык техникаларды байкап өтүүгө,сак болууга тарбияланышат.*

**Сабактын жабдылышы:** *Сүрөт,барак,бор*

**Сабактын жүрүшү:**

Уюштуруу иши- *окуучулардын көңүлүн сабакка буруу менен жагымдуу маанай түзүү. Классты төрт топко бөлүү.*

***Мээге чабуул;***

1. *Техниканын кандай түрлөрүн билесиңер?*
2. *Техникалардан эмне үчүн сактаныл жүрүш керек?*
3. *Техникаларда кандай коркунучтар бар?*

*Окуучулардын жоопторун угуу,талкуулоо,кошумча киргизүү.*

***Ар бир топко топтук тапшырма берүү:***

*1-топко;*
*Техникалардын жакшы(оң) жана жаман (терс) жактарын жазуу.*

*2-топко;*
*Техникалардын пайдалуу жана зыяндуу жактарын жазуу?*

*3-топко;*

*Азыркы убактагы техникалардын түрлөрүнүн көптүгү жана алардын коомго тийгизген таасири.*

*4-топко:*

*Техникалардан дайыма сак болуу, абайлоо бизге керекпи?*

*Ар бир топ өз жазгандарын окуп,топтор менен пикир алмашып талкуу жүргүзүшөт.*

**Жыйынтыктоо:**

*«Жолдогу бардык техникаларды байкап өтүү,сак болуу керек» деген темада өз ойлорун айтып, бири-бири менен суроо-жооп талкуу жүргүзүшөт.*

**Үйгө тапшырма:** *«Жолдогу бардык техникаларды байкап өтүү, сак болуу» темасы боюнча сүрөт тартуу.*